Кабыл алынды :

№ 1 педкеңешме

"30" август 2022-жыл

Бекитемин:

Директордун милдетин

аткаруучу: Кенеева Г

"30" август 2022-жыл

**Бердалы Календеров атындагы орто мектебинин жарандардын жазуу турундө кайрылуулары менен иш алып баруучу "Ишеним кутучасы" жөнүндөгү жобосу**

1.Бул "Ишеним кутучасы" жөнүндөгү" Жобо жарандардын жазуу түрүндөгу кайрылуулары менен иш алып баруунун тартибин аныктайт.

2." Ишеним кутучасы" менен иш алып баруунун негизги багыттары болуп төмөнкүлөр эсептелет;

А) 1989-жылы 20-ноябрында Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясы тарабынан кабыл алынган № 44/25 " Балдардын укуктарын коргоо Конвенциясынын " талаптарынын бузулушун каттоону жана кароону камсыз кылуу багыты;

Б) кайрылууларды кабыл алуу каттоо жана тиешелүү чечим кабыл алуу үчүн мектеп администрациясына жиберүү;

В) кайрылуулар боюнча кабыл алынган чечимдерди талдоо жургузүү жана жооп жөнөтүү

2. Ишти уюштуруу тартиби

1."Ишеним кутучасынын" иш алып баруусу тууралуу жалпы мектеп чогулушунда класстык сааттарда,ата-энелер чогулуштарында маалымат берүү

2." Ишеним кутучасын" башка адамдардын ачып кароосун алдын алуу максатында , мектеп директорунун колу коюлат жана атайын мектептин мөөрү менен бекитилет.

3."Ишеним кутучасын" ачып алуу үчүн атайын жумушчу топ тузулуп ,кутучаны ачуунун айына бир жолудан кем эмес ирээти тузулуп, ачуу жана кайрылууларды алуу атайын актынын толтурулушу менен коштолушу талап кылынат .

4."Ишеним кутучасын" ачууда жазылган акт мектеп директоруна жиберилет.

5. кайрылууларды кароо мектеп администрациясына жана директорго жүктөлөт.

6. Ар бир айдын 5- күнүнө карата "Ишеним кутучасынын" иштөөсү боюнча маалымат даярдоо, мектептик чогулуштарга алып чыгуу ,ата-энелерге жеткизүү ,мектептин директорунун тарбия иштери боюнча орун басарына жүктөлөт

Уюштуруучу: Разакулова К